Лела Кистаури



# Тоңкулдак

УДК 087.5
ББК 28.6
Л 43

Л 43 Тоңкулдак / Лела Кистаури.
Б.: USAIDдин “Келгиле, окуйбуз!” долбоору, 2019. - 16 б.

ISBN 978-9967-9247-3-4

Бул китеп USAIDдин окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча “Келгиле, окуйбуз!” долбоору тарабынан грузин тилинен которулуп ылайыкташтырылды.

Автордук укуктар жөнүндө маалымат: ©2012-2018 АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин (USAID) Грузиядагы башталгыч мектептерди өнүктүрүү боюнча долбоору (G-PriEd), Контракттын № - AID-114-C-11-00003. Долбоорду Chemonics International Inc. ишке ашырган. Бардык укуктар корголгон.

Китеп Creative Commons CC-BY 4.0 лицензиясынын шартында таркатылат. Лицензиянын көчүрмөсү төмөнкү шилтемеде берилген: https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/deed.ru

Л 4802000000-19
ISBN 978-9967-9247-3-4

УДК 087.5
ББК 28.6

**Лела Кистаури**



# Тоңкулдак

Бишкек 2019

Тоңкулдакты көрдүң беле?
Мүмкүн уккандырсың: тоңкулдактын тыкылдагы дээрлик бардык токойдон угулат.



Тоңкулдак - абдан кооз канаттуу. Сырткы түзүлүшү өтө ар түрдүү, канаты менен жүнү ала-була. Чокусундагы кызыл үрпөкчөсү баш кийимге окшош.

Көлөмү жагынан тоңкулдак кичинекей же орточо болот. Эң чоң тоңкулдактын салмагы 600 граммга жетет, ал эми эң кичинеси болгону 7 грамм.

## Тоңкулдактын түрлөрү

Тоңкулдактын 360ка жакын түрү бар: *чоң ала-була тоңкулдак, кичинекей ала-була тоңкулдак, жашыл тоңкулдак, сириялык тоңкулдак, эмен урук тоңкулдак* жана башка. Баарын атап чыгууга көп убакыт керек.

## Тоңкулдак кайда жашайт жана эмне менен жан сактайт?

Тоңкулдактын жашоо чөйрөсү абдан кенен. Табигый жашоо чөйрөсү – токой, бирок алар шаарда да, айылда да жашай беришет. Кээ бир учурларда алар адамдар ыргыткан же таштаган тамак-аштын калдыктары менен тамактанышат.

Токойдо, жаз-жай мезгилинде тоңкулдак курт-кумурска менен азыктанат. Күзүндө, кышында болсо жер-жемиштер менен кызыл карагайдын уруктарын жешет.

Тоңкулдак кыштаган бак-дарактардын астынан кызыл карагайдын тобурчактарынын үймөгүн көрсө болот.

Билесиңби эмнеге?



Көрсө, тоңкулдак карагайдын тобурчактарын чогултуп, аларды дарактын көңдөйүнө катат экен. Анан кыш келгенде тобурчактын дандарын чукуп жеп, кабыгын сыртка ыргытып ташташат экен. Тоңкулдак өсүмдүктүн ширесин да жакшы көрөт. Жазында алар тумшугу менен дарактын кабыгын оюп, кайыңдын же эмендин ширесин таап ичишет.

## Эмен урук тоңкулдак эмне менен тамактанат?

Эмен уругун өтө жакшы көргөн тоңкулдак – *эмен урук тоңкулдак* деп аталат.

Тоңкулдактын бул түрү борбордук жана түштүк Америкада жашайт. Эмен урук тоңкулдак эмен уруктарын чогултуп, аларды тумшугу менен даракта оюлган тешиктерге катат. Кээде жыгачтан салынган үйлөрдүн дубалын тешип катышат.

Жай бою бир тоңкулдак 50 000 дей эмен уругун чогултат. Такталган маалымат боюнча бир кызыл карагайдын оюлган тешиктеринен баш-аягы 250 кг эмен уругу табылган.



## Тоңкулдактын жашоо мүнөзү

Эрте жазда тоңкулдактар кымгуут болуп, ызы-чуу түшүшөт.

“Тук-тук-тук, тук-тук-тук” деген тоңкулдактын тыкылдаганы алыстан эле угулат. Бир күндө тоңкулдак даракты 12000 жолу тыкылдатып урат. Мындай “жазгы ыр” менен эркек тоңкулдак ургаачы тоңкулдактын көңүлүн өзүнө бургусу келет. Өзүнүн тыкылдаган ыры менен ал: “карачы, мен кандай азаматмын!” деп айткысы келгендей. Башка тоңкулдактарга мындай тыкылдоо: “бул дарак менен көңдөй бош эмес, өзүңөргө башка үй издегиле!” дегенди билдирет.

Өзүнүн кичинекей жана эптүү буттары менен тоңкулдак тамак издеп дарактын башына тез чуркап чыгып, кайра түшөт. Тоңкулдак оорукчан бактарды эле тандап,  алардагы зыянкеч курт-кумурскаларды чукуп таап жейт.

Бакты чукуп, курт таап жеп жатканда тоңкулдак даракка куйругу менен таканчык берип турат, ошондуктан анын куйругу түлөп, кичирейип кетет.

## Тоңкулдак балапандарына кандай кам көрөт?

Жазында эркек тоңкулдак өзүнө жуп тандап, ургаачысы экөө катуу тумшуктары менен дарακты оюп, уя салышат. Кээде уяны дарактардын көңдөйүнө салышат. Уянын түбүнө чамынды төшөшөт.



Бул тегерек жана кооз “бөлмөдө” май айына чейин ургаачы тоңкулдак 3төн 7ге чейин жылтыраган жумуртка тууйт. Жумуртканы эркеги да, ургаачысы да алмак-салмак басат. Эки жумадан кийин жумурткалардан кичинекей балапандар жарылып чыгат.

Балапандарга атасы да, энеси да бирдей кам көрөт. Алар кезек-кезеги менен тамак ташышып, балапандарды бир күндө 300 маал тамактандырышат. Болжол менен үч жуманын ичинде балапандар канаттарын жайып, талпына башташат. Кичинекей учкучтарга алгач ата-энеси көз салып, коркунучтардан коргоп турушат. Бир айдан кийин балапандар өз алдынча болуп, уядан учуп кетишет.



## Тоңкулдак – токой дарыгери!

Тоңкулдак бак-дарактарды зыяндуу курт-кумурскалардан арылтат. Кургаган даракты чукуп, тоңкулдак пайда алып келет, себеби ал зыяндуу курт-кумурскалардын таза бактарга өтүүсүнө бөгөт коёт. Тоңкулдак дарактын сөңгөгүн ылдыйдан баштап спираль түрүндө айланып, карап чыгат. Өйдөлөп баратып, бардык көңдөй-тешиктерди узун жана курч тили менен изилдеп текшерет. Эгер курт тапса, катуу тумшугу менен дарактын кабыгын жарып, тешикти кеңейтип, куртту суурup чыгып жейт.

Биз мурун тоңкулдак дарактын кабыгын бузуп, бактарга зыян келтирет деп ойлоп жүргөнбүз. Ал оорукчан жана кургап калган даракты гана чукуп, андагы курттар менен тамактанаары тууралуу маалымат кийинчерээк гана белгилүү болгон.

Дарактарды зыянкеч курттардан сактагандан тышкары тоңкулдак кичинекей куштарга да жардам берет, аларды үй менен камсыз кылат. Тоңкулдак жыл сайын дарактты тешип жаңы уя салат. Андан калган уяларга кышында башка куштар кирип жашашат.

Таза аба менен дем алуу жана табиятка суктануу үчүн биз ага этият мамиле көрсөтүп, бак-дарактарды коргошубуз керек. Дарактарды кыюуга, бутактарын сындырууга жана алардын кабыгына зыян келтирүүгө болбойт. Достор, тоңкулдак бак-дарактарды курт-кумурскалардан кандай коргосо, дарактар да биздин айлана-чөйрөнү булгануудан ошондой коргоорун дайыма эсибизге алып жүрөлү.





## Кызыктуу маалыматтар

### Тоңкулдактын түрлөрү

Эң чоң тоңкулдак жарым метрге чейин жетет, ал эми кичинекейи 8 сантиметрден ашпайт.

### Тоңкулдактын тили абдан узун

Тоңкулдактын тили тумшугунан эки эсе узун. Тилиндеги жабышкак шилекей ага бактын өзү чукуган тешик менен көзөнөктөрүнөн курт-кумурскаларды суурул чыгууга жардам берет.

### Тоңкулдактын башы оорубайт

Тоңкулдак бакты секундасына 22 жолу тоңкулдатып уруп жатканда, анын башына абдан катуу күч келет. Эгерде адамдын башына ушундай күч келсе, ал эсин жоготуп жыгылмак. Бирок тоңкулдактын башы түк оорубайт. Себеби анын тумшугу менен калың баш сөөгүндөгү ийкемдүү эт мээнин чайпалышына тосколдук түзөт.

### Тоңкулдактын таноолору кылдуу

Тоңкулдактын таноосундагы кылдар аны бакты чукуп жатканда чыккан чаң менен ыпыр-сыпырдан коргоп турат.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында мүмкүн болду. Китептин мазмуну АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин же АКШнын Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли

Басууга 21.01.2020 кол коюлду.
Форматы 60 x 84 1/16.
1,0 басма табак.
Нускасы 8360. Заказ № 25.
Офсеттик кагаз.

ЖЧК «Алтын Тамга»
720040, Бишкек ш., А.Орозбеков көч., 44.
Тел.: (+996 312) 62-13-10
E-mail: altyntamga@mail.ru